
Скирг
3-18

ГУЛ ЗАКИРОВА

# КУПУЯ СЕЗИМ

10427




ЛИСТОК СРОКА ВОЗВРАТА
КНИГА ДОЛЖНА БЫТЬ ВОЗВРАЩЕНА НЕ ПОЗЖЕ УКАЗАННОГО ЗДЕСЬ СРОКА
Колич. пред. выдач
6-7/XI-93
57-18/III-95
76-17.10.06.

СКИОГ 3.18
2014

ТАЗАГҮЛ ЗАКИРОВА

# КУПУЯ СЕЗИМ

Ырлар



Междуведомственная централизованная библиотечная система
Инв. № 10427
Инв. № 28453
510

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1986

84 Ки 7—5
З—18

**Закирова Тазагүл.**

З—18 Купуя сезим: Ырлар/ Сүрөтчүсү К. Жусупов.— Ф.: Кыргызстан, 1986.— 72 б.

Жыйнактын аты эле билдирип тургандай, мындагы ырлардын негизги өзөгүн аял затынын купуя дүйнөсүн, табигый сулуулугун, арзуу-кыялын чагылдырып турган ырлар түзөт.

З $\frac{4702280200—21}{М 451 (17)—86}$ 179—86 ББК Ки 7—5

Рецензент Ж. Жапиев

Сүрөтчүсү К. Жусупов

© «Кыргызстан» басмасы, 1986

# ЫРЛАР

## ӨСҮҮ

Эрте жазда бүчүр бөлтөйүп,
Кулак тосот шибер балача.
Бир башкача тийип күн нуру
Баары куунайт күлүп карачы.

Жан-жаныбар жыргап күнөстөп,
Кумурска да чыгат ийинден.
Жаштык сезим бизди бир эстеп,
Көөдөн недир жүрөт сүйүнгөн.

Гүлдөр түйөт жыпар белегин,
Чоң-кичине үчүн ченебей.
Аары издейт балга керегин,
Күнгө карай өсөт кенедей!

Эч байкалбай барик түшкөнү
Өмүрлөрдө бир күн кеч кирет.
Энем чарчайт келбей күткөн уул...
Кийилбестен көйнөк эскирет...

Кайтпай калган абам жаш бойдон!..
Асман тирейт мырза теректер.
Эстеликке бир боо гүл койгон
Желге эркелейт кызыл желектер.
Көккө карай өсөт бөбөктөр...

## ЧОҢ ЭНЕМ ЖАНА МЕН

Эски барак, саргайган
жазуулары оңуп, боппоз.
Эски барак үч бүктөм,
Чоң энемдин сандыгында
Ыйык тумар сыяктанып
Сакталат ушу бүгүн.
Өтсө дагы эбак кырк жыл,
Кырк экинчи жылы келген
Баласынын куш кабары,—
«Амансыңбы, апа!» — делген —
Элим кандай, мен аманмын!»..
жана айтылбай калган көбү,
Шашып жазган кан майданда
Каты ушул жаш абамдын.
Согуш бүттү,
Өттү кырк жыл,
Абам дале он сегизде.
А чоң энем сандыгынан
Сүрөт, жегде жыттайт күндө.
Мезгил чачын аппак куудай
Тарайт лайнер шуулдагы.

Күндөр сансыз өттү бачым
согуш тагы жуулбады.
Бул чоң сандык өчкөн өңү
Кандуу согуш күбөсүндөй.
Сырдуу топчу, сырдуу кемсел,
бир ак жегде, жуп таар шым...
Сандык каткан сыйкырдуу жыт
бала жыты, энеге дем.
Биз бийикте жүрсөк дагы..
өксүү жашайт дене менен.
Чоң атасыз, таятасыз
Өсөт бүгүн неберелер.



Жараатынан айыга албай
Онтоп жатат Эне-Жер!

## КАРТ ЖООКЕРДИН ЭСКЕРҮҮСҮ

I

Күйдү согуш — бир алаамат батыштан
тылда кайгы, тылда кара күйүктөр.
Фронт — кармаш тизе бою кечип кан,
Айдай өңүн келин тытты күйүттөн...

Бар-жогуна кайыл болгон аял зат,
Оо, чиркин ай, ошондо бир чыйралды!
Жылуу кийим, чулгоо, байпак даярдап...
Үч бурч каттар ташып турду ырларды...

Аял калды айыл бийлеп, эл бийлеп,
Аял шофер, аял малчы, пахтачы...
Эр-азамат ордун калган толуктап,
Эмгектенди улуу, кичүү, жапжашы.

Эне байкуш, балдарына, жетимге...
Белди байлап эркектердей күч берди.
Сүйүү менен кайрат берди жоокерге,
Жылуулугун мекенине бүт берди.

Эл абалы күндөн-күнгө кыйындап,
Кара кагаз ташып калды почточу...
Жалал-Абад вокзалында жыйындар...
Кан майданга жөнөтүүлөр, коштошуу...

Биз, боз балдар вагондордо — каркыра —
жүрүп кеттик. Ант бердик да калкыма.

II

Таңкы чабуул. Ажал учат болуп от,
Танка келет аңга-доңго карабай.
Туш тараптан тилге кирет пулемёт,
Солдат жатат кыйылгандай карагай.

Каршы-терши ракета атылып,
Пулемёттун жаагы тынбай,
жааган ок,—
кан издеген, болбойт андан жашынып
үй, даракбы — баарын келет жалмалап.

Кызыл кандан дайра ташып, келет сел,
Автомат да, гранат да даяр кез.
Канча танка, өрттөй жанган жигиттер
Дарыядан өттүк.
Атуу бүтпөйт эч...

III

Шашылабыз, үч бурч каттар жазабыз,
«Палан жерден, Амансыңбы, эл» — деген.
Ич тызылдайт орус Коля, Равил —
татар жигит экөө келбейт.
Келбеген...

Биздей алар кат жазышпайт айылга,
Кайрат ширеп кирбейт таңкы чабуулга
Ушу бүгүн өмүрдүн бүт өлчөмү
Ирмем сайын даяр турду жанууга!

Адам үчүн ыйык мекен, жер деген,
Мекен көрктүү адам менен эр менен.
Кандуу согуш бүткөн күнү бозорот —
туулган жери жаш жоокердин келбеген.



Алган жары боорго кысып бөбөгүн,
Күтө берет айды-жылды эсептеп...
Эки эмчеги зыркыраган эненин
Чачы агарат, үмүт өмүр жетектеп...

Орду бошоп катардагы жоокердин,
бир ирмемге тыныгууда өкүнүч.
Бир ирмемге бел чечпеген тыныгуу
Эл жөнүндө ойлоп ар ким, өзүбүз...

Жашоо минтип улангандан уланат,
Ой учугу ой артынан чубалат.
Оо, адамзат! гитлер деген азезил —
Канча миллион калкка кылды кыянат!..

Өттү күндөр бир-биринен азаптуу,
Бошотулду — Ленинград, көп жерим.
Биздин аткыч дивизия казатта
Өлүү-тирүү, жоктун билди өлчөмүн.

Келди Жеңиш! Ач, жылаңач, өксүгөн
Эне жерге, Эне менен балага.
Келди Жеңиш! Түгөнгөндө көп бүлөң,
Мүрзөсү же аты калбай талаада...

## ЧОҢ АПАМДЫН ЫРЫ

*Шакир абама*

Сансыз мүнөт, сансыз биздин көп түйшүк,
Өтөт жүгү азайбаган бир кеме.
Махабаттын үйүндөгү бир түркүк —
Тирүүлүктүн мазмуну да сенде эле.

Жаштык күндүн тилектери жапжашыл,
Сенде болчу көркү, шаңы майрамдын.

Оо, баатырым, он сегизде жапжашым,
Кырк жыл өттү, кырк миң арман, кайран күн!

Биздин короо тунжурады баласыз,
Кыз чыгарып, уул үйлөбөй калдык ээ.
Сен боз жигит, куу-шумдукту билбеген
Мен кемпирмин — жыттабаган небере.

Сенде болчу ашып-ташкан махабат
Элиңе да, жериңе да табарик.
Бир чабуулда Мекен үчүн төш тосуп...
Жамгыр болуп калдың сиңип, таралып.

Өскөн гүлдөр, неберелер, нан талаа,
желаргы да — баары сенин үлүшүң.
Бейкут күндү берип коюп аянбай
Кайып болуп, жапжаш бойдон жүрөсүң.
Мен алиге жыттабадым небере,
Мен кыз бойдон такыячан карыдым.

## ЖАЛБЫЗ

Жазга жарчы арык бойлоп,
Сербейтип кулактарын
боппоз жалбыз,
таш түбүндө эрбейген
бир топ шыбак
чекчейген
байчечекей ханышадан
жарым мүнөт эрте чыгат
айылымда.
Булак суусу төмөн сойлоп,
Мекиренип улактарын
бир сур эчки
кырт-кырт үзүп ал шыбактан,



тикчийтип кулактарын,
ойноп анда
эркин өсөт эгиз улак
айылымда.
Күнгөй ысып, жашыл тулаң,
Жорголоп перизаттын басканындай
куштар келет мукам сайрап.
Күүгө бөлөйт беймарал
теребелди,
кулак түрөт аткулактар
Мен чоңойгон айылымда.

Жазга жарчы сыдырым жел,
күчүктөгөн тал чыбыгы
тамчылардай.
Эдиреңдеп жүгүрөт бөбектөрүм
ат кылып ошол талдын чыбыгынан
камчы кармай.
Жаштык болуп келет жаз да,
айылыма.
Эрте өсөт күздүк буудай,
Бакубат абаларым арык чабат,
Энелер күн чубактап,
Дандырга ысык —
апам кызыл өңүндөй
нанын жабат,
айылымда.
Эрте жаздын коюнунда
эркелеген жыл сайын,
паристе бир балалык бар
Мен төрөлгөн айылымда,
Жалбыз жыттуу.

## БАЛАМА

Гүлдөр жайнаган
кызыл-сапсары.
Тоолор ак карлуу,
түстүү таштары,
Суусу булактын,
токой жемиши,
Ачык асман да
Баары сеники.

Баары сеники,
Талаа, бышкан нан,
Берекелүү жер,
Ачык тийген күн,
Эмгек сүйгөн эл,
Менин мээримим,
Ырым сен үчүн.

Тып-тып басагой,
Бекем кадамда.
Төшү түктүү жер
Алтын бешигиң.
Сенде чоң үмүт
Сага бүт баары
Акта ичилген
Ата кешигин.

* * *

Күн — нуру, суу шары,
Жээгинде кыз-жигит.
Жоогазын суусады...
Суулугун чайнаган
Байлоодо бир күлүк...
Суу — күлүк көбүгү



бүркүлөт агарган.
Боз чымчык өмүрүн
жалгыз жээк күзөтүп
өткөрөт арандан...

Күн сайын таң да, кеч
Сайраган муңу бар.
«Чыйырт — чырт» бүтпөйт эч,
Учса да консо да
мага айткан сырыбы, ал?!.

Суулугун чайнаган
байлоодо бир күлүк...
Бүркүнөт агарган
Көбүгүн суу — күлүк.

* * *

Жашырып гүлүңдү,
жаңгагым, жаңгагым,
Күзөткөн түндөрдү
Таңкы уйку экөөлөп
Бабамды алдадың.

Анам сөз тарады...
Кылымдар өттү көп.
Ким көрсө ал гүлдү
Таңга маал ачылган
Заматта өлөт деп.

Күтөбүз гүлүңдү,
Жаз сайын, ким билет?!
Тукумда жок дешкен.
Деген суу жүрөк,
Кызганчаак экенсиң
Жаңгагым эзелтен.

Жашырып гүлүңдү
дагы эле келесиң.
Жаңгактар көк муштум,
Түйүшкөн мөмөсүн.

## ЖАЙЛООДОГУ БИР ЭЛЕС

Улуулар саймедиреп,
кайсы бир өткөн жайын,
айтышат кобур-кобур
жайкалтып ак сакалын.
Баштарын кейкендете
ырастай ийкегилеп,
жаштары сарасептүү
угушат улууларын.

Ак тоосу көктү тирейт,
мөңгүлүү кетик-кетик,
Булактын суусу кулайт
төмөнгө мөлт-мөлт этип.
Бийикте жылкычы ырдайт,
сүйгөнүн сагынганын
Узарат укуругу
кетчүдөй көктү тешип.

Келиндер чака кармап,
желеде туйлайт кулун,
Аппак жебе —
саалган сүт созот үнүн.
Ышталган чаначына
байбиче сабаа бышат.
Аталар ичет кымыз,
жел өбөт кызыл жүзүн.
Боз үйлөр.
От жалбырттап,



жаш келин тезек калай
казанда майга бышкан.
кыпкызыл токочту алат.

Желбирейт кызыл көйнөк,
чатырайт көкүрөгү
Кирпиктер найза сымал,
каректер оттой жанат.
Менменсийт
көк тиреген арчалуу тоо.

## КУБАНДЫН ТООЛОРУ ЖӨНҮНДӨ ЫР

I

Бийиктиги тиреген асманымды,
Тогуз булак күркүрөп акканыңды
Арчалуу бет тескейи жалама зоо
Ыйык көрүп келдим кум-таштарыңды.

Аңкыган жыт, жыпар гүл, көк бетеге,
Көк жайыгың кулундун желеси үчүн.
Жээрде айгыр үйрүлгөн бир үйүрүн.
Кызыл келин бээ саап, кактайт сүтүн.

Боз үй жайып канатын он экиге,
Көрөңгөлүү сабада кымыз бышат.
Кызыр-Ата жөнүндө Кубан сүйлөп...
Зымырылып боз тулпар кайда учат?!

Карга шыйрак, кызыл бет, бок мурундар
Чүкө салат «таа же алчы түш» деп.
Жердегинен өтүмдүү толук кыздар
Жигиттерди жалтантат оттуу тиктеп.

Дайра болот күкүктөп тогуз булак,
Көрөңгөлүү сабада кымыз бышат.
Кызыр-Ата баянын Кубан сүйлөйт,
Зымырылып боз тулпар кайда учат?

Кубан улам бийикке жетелеген,
Төтө жолдо барабыз; шилби, ыргай —
Жада калса эрбейген боз караган
Тартып калат этектен карап турбай.

— Билесизби? тигил тоо Шамшили тоо,
Дары булак, биз ачтык атам менен.
Бул чокуну аташат Алтын-Казык,
Кышка дейре мал түнөйт, оттоп кенен.

Кызыктуу ээ, колотто жайылган мал,
Булактарды саялап күнү бою.
Туу чокуга кечинде чыгып анан
Жылдыз ырын угушат, туурап тоону.

Эчки-Атарда тигилген биздин боз үй,
Көрдүңүзбү? Тигине, жоокер ташты
Чопкут кийген башына, зоот ийнинде
Сарасептүү караган чыгыш жакты.

Таштан чыккан булактын көзү муздак
Кашын каккан сулуудай мөлтүр күлөт.
Жата калып тийгизсең эриниңди
Сүйүнүчтүү түрсүлдөп кагат жүрөк.

## ДОСТОРУМ БАР

Күлкү менен күмүштөй себилишип,
Өзгөлөрдөн досторум бөлүнүшүп,
Кубанычка бөлөшөт баа жетпеген
Калемимен ыр болуп төгүлүшүп..



Чарчаганда бир жүрүп гүл теришет,
Чукугандай сөз тапкан шум келишет.
Санаа чеккен жүзүмдү жадыратып,
Десте, десте жайдары ыр беришет.

Досторумду урматтап, сүйүп келем,
Алар үчүн нур болуп күйүп келем.
Мүнөздөрү ар мүнөт суктандырып,
Алып жөнөйт ааламга бийик, кенен.

## ЖАШОО — ВОКЗАЛ...

Жашоо — вокзал...
Канча вагон чиркелип,
Жүргүнчү ылгап турбай тартууда...
Канча карек акыркы ирет ирмелип..,
Канчасына кымбат белек тартууга.

Вагондорго жүктөлүүдө,
                    жүктөлүү...
Айдама. Ар ким арзып күтүүдө.
Сапар жашайт «Өмүр бою күт мени!»
Паровоздор алып учат күтүүгө...

## АЛАР

Айтышты —
          кимге эмне керегин,
Сөз болду сан байлык,
                    токчулук...
Турмуштун тайызын, тереңин,
Күжүлдөп, аныктайт көпчүлүк.

Көп көрдүм, мен көптү билем,— дейт,
Мен такыр санаасыз жүрөм,— дейт.

Төш кагат бир ала-көөдөгү,
Жашоону укмуштай сүйөм,— деп.

Ал төртөө талдашты, талашты,
Күн батып, бир жаңы таң атты.
Баарысы өзүнчө көкөлөп,
бакылдап, кыйынсып тараштьı...

## КҮЗ ЭЛЕСИ

Саргайып бышкан буудай,
Күн түстүү — баш ыргаган.
Нан жыттуу талаа
суудай
Күү чалат.
Күн ырдаган.

Бай талаа берекелүү
Кериле салтанаттайт.
Күн түстүү буудай бийин
Бариктер көзүн жаштайт...

Жемиштер бышты, ана!
Терет кыз мандалактай
Тери агып салаа-салаа.
Кызыл дан буудай болуп
Кызыл жүз күлөт бала.

## ТЕҢСИЗДИК

Теңсиздик жүргөн жакта,
Басылбай бороон жүрөт.
Тилеги кыянаттык.
Кум менен алпурушуп,
Каткырып шаңдуу күлөт.



Теңсиздик жүргөн жакта,
Алоо от басаңдаган.
Тоо-талаа жасанбаган.
Сезимдер бықшып түтөп,
А жашоо кашаңдаган.

Теңсиздик жүргөн жакта,
Өмүр бар бүрдөбөгөн.
Өрүк бар гүлдөбөгөн.
Сүйүү бар өңү өчүп,
Тең болгон мүрзө менен.

Теңсиздик жүргөн жакта,
Жалгыздык өкүм сүрөт.
Чилде, кыш борошолуу,
Каткырып бороон күлөт.
...А бизде жаз.

* * *

Күү угуу...
бөлмө толгон музыкага
Мен тарап
чабаган ой барчу сага
Сен тарап ачылбаган арал али
билесиң өз сырыңды өзүң гана.

Күү угуу...
Сууга аңкаган гүл сыяктуу
Көгөрүү
жаңы түйгөн бүр сыяктуу.
Сакайтуу
сезимдеги жарааттарды
Сыйкырлоо
бүт эркиңди үр сыяктуу.

Күү угуу...
Конок болуу жомокторго
Кылымдар
буурул таңда — буурул жорго.
Көөдөндө канат байлап
  албан сүйүү,
Камыгып
сапар тартуу узак жолго.

Күү угуу...
Жокчулуктун таманындай
тилинген бейтынч жүрөк.
Томсоруу — ички сырдай.
Аянычтуу өткөн арман,
Дүйнөдө
жолугууга үмүт калбай
Күү угуу — көздөр талган...

## ЛЕЙЛЕКТЕН ЭКИ ЫР

### I

Оттуу көздүн учкуну сыяктанып,
Байчечекей мөңгүдөн эми чыккан.
А ботогөз көк гүлдөр кулак салып
Булбул куш сайраганын талбай уккан.

Жашыл төрдүн башаты тоодой аппак,
Муз көпүрө — астында мүрөк суу бар.
Бадам түйүп мөмөсүн бейпил турат,
Тоо койнунда эркелеп каңды кумар.

Кучагында ажайып табияттын,
Кайкып учат куштар кадимкидей.
Жыпар гүлгө шүүдүрүм түшөт, аттиң,
Назик эме үшүйбү желек кийбей.



Кудуреттүү — көк асман, жашыл шибер,
Байчечекей мөңгүдөн азыр чыккан.
Кудуреттүү — ышкын да, балтыркан да
канаттуу куш, тоо жели азыр учкан.

Ханышамын ээлеген Мейкиндикти,
Сыйдырамын тоо көркүн карегиме.
Кудуреттүү кең көөдөн, назик сезим —
ойлойт Сизди, жашырып кереги не!

### II

Сыйкырлуу күч ортодо бийлик менен,
Күзөттүрдү түндөрдү «сүт ак» болуп.
Кээ күндөрү ирмелбей кирпик деген,
Булбул сайрап таң атты, көөдөн толуп...

Өттү не бир жагымдуу өткүн-жаштык,
Чокулардан жылдыздын ырын уккан.
Күү табылып тагдырда — майрам, шаттык,
Теребелди термеди обон мукам.

Жашыл төрдүн жашылын баспай аяп,
Бийиктердин бийигин ээлеп алдык.
«Алтын-Бешик», ыйыгым көктү таяп,
Айкөл, Сүткөл үчөөбүз жалгыз калдык.

Кызгалдагы жайнаган кырандарга,
Алоо жаштык жеткирди болуп канат.
Чеч-Төбөнүн жайыгы толгон данга,
Токчулуктун жели учат, бир ырахат!

Асман тоого таянып мемиреген.
Жылдыз терет койчуман ырдап коюп.
Жагымдуу элес дайыма мени менен
Жашап жүрөт сүйүүдөн мелт-калт болуп.

## КУРМАНБЕКТИН МҮРЗӨСҮНДӨ ЖАЗЫЛГАН ЫР

Биздин көөдөн көкөлөгөн эл бийлеп,
Келди кезек, башын ийет эр жүрөк.
Торгой сайрайт көк каданган топчудай
Бүгүн бизге жаз, саратан келди деп.

Жаз, саратан ысылаган сүйүүдөн,
Барат недир күздүн желин сагынып.
Курманбектин мүрзөсүнө гүл өнгөн,
Жаштык өзү өмүр үчүн жаңылык!

Эч ким билбейт бул дүйнөнү ким ачты,
Эскерүү да, мемуар да сурашты.
Кара-Алманын боорундагы бабалар
Көк бөрүгө тартып кетти улакты.

Ат жалында өттү өмүр канаттуу,
Телтору ат да аалам жүгүн көтөрөт.
Сейтек болуп Курманбектин кулуну
Асабасын кыргызымдын көтөрөт.

Курманбектин Кош-Аңында Кой-Күрөң,
Гүлазыкты камдай келген Аккан дос!
Тейитбек хан, ата эмес бир кургур —
Өткөн кылым, теңсиз заман кайыр кош!..

## ДАЙРА

Т. Тыныбековго

Жазда кучтүү күрпүлдөгөн бу дайра,
Саратан, жай акты пахта, буудайга.
Акты тарап терек-талдын түбүнө,
Гүлдөргө да гунча байлап күнүгө.



Агып сайдын кыйырына жетпеди...
Өмүрү анын өсүмдүктөр — көктөдү.
Көк тиреген дарак сындуу бутактап,
Жердин бетин жатты танбай кучактап.

Чырпыгындай талдын назик шоокуму,
Дайра солгун канбай агат моокуму.
Теребелди оройт казан бариктер,
Саргайышкан, балким, дартка кириптер.

Көк тиреген дарак сындуу бутактап,
Дайра жатат жерди бекем кучактап!
Тегеректе казан болгон бариктер!

## ТҮЙШҮК

Күндөрдүн өткөнүн,
Жашоонун мазесин,
Сагынчтын көптүгүн
айрылуу азасын...
жалганды кара бет
Бардыгын ата-баба
Унутпай жүрсүн үчүн
Калтырган кешик мага
Калтырган мелт-калт бойдон
кымыздай кеседеги,
Түйшөлчүү күнү-түнү
Түйшүктүү элим үчүн.
Поезддин жүрүшүндөй
Батышка чыгыш жактан,
Шакылдап чексиздикке
Чыгышка батыш жактан
Таскактап өтөт мезгил!
Чыдамдуу турат Асман,
Баарына күбө болуп.

Жер шары айланууда
Кээ жери нурга толуп,
Кээ жери жылдыз толуп,
Кээ жерди каптап булут...
Койнунда кээде жалгыз
кусалуу калкыган ай.
Кучагы кээде өрттүү
Кээ жерде кан дайрасы...
Көз жаштан — туздуу деңиз
Жата албай бир күн тоңуп,

Күрпүлдөп жээкти чапчыйт.
Чыркырайт эне үчүн.
Ок учат бир тараптан
Чыгарып ажал — бүтүм!

Уктурса ачуу түтүн,
төгөсүң көз жашыңды
Оо, ыйык,
Асман — чыдам
жашоонун саябаны —
көз жашта агат ызам.
Дүйнө эли — тынчсыз жаны.
Ирмелбейт кирпиктерим.
Бөбөктүн ыйы угулат —
энеден ажыраган.
Эр жигит жер кучактап...
Кан болуп агат арман!!!

Бейрут же Палестинде
Баскынчы саясаты —
Тумчугат балык суудa;
Мөмөсүз дарак башы...

Тирүүлүк кумурскага
Тозоктун оту болгон.



Өлкөдө улан-кыз бар
Куралын ядролук сыноодо
Максатын жулган жолдон.

Ыйык парз —
Атадан калган мурас
Эл камы, жердин камы.
Уктатпайт мени ырас,
Жер онтойт ооруп жаны.
Таскактап өтөт мезгил,
Чыдамдуу турат Асман!
Баланын ыйы угулат

Балыштa бир аз жатсам...
Сыноодон уулуу газды
Жандууну тумчуктурат.
Дүйнөнүн эне аттуусу
Уктасын кантип чыдап!
Уктурду, гүлдү, элди
Дүйнөнүн бир четинде!

## ДЕҢИЗ ЖАНА ЖЕР ЭНЕ ЖАРААТТАРЫ

Деңиз жатат тумчугуп, күңгүрөнүп
Мени кошо терметип жер шарына.
Толкун жууган жээкке гүлдөр өнүп,
Мөмө байлайт жемиштер бутагында.

Деңиз улам бийиктеп буурakaндайт
Ага деле тынч жашоо керек эле.
Эмненидир самайбы, мооку канбай,
Термелүүдө жер шары, кеме деле!

Жер шары айланууда
Кээ жери нурга толуп,
Кээ жери жылдыз толуп,
Кээ жерди каптап булут...
Койнунда кээде жалгыз
кусалуу калкыган ай.
Кучагы кээде өрттүү
Кээ жерде кан дайрасы...
Көз жаштан — туздуу деңиз
Жата албай бир күн тоңуп,

Күрпүлдөп жээкти чапчыйт.
Чыркырайт эне үчүн.
Ок учат бир тараптан
Чыгарып ажал — бүтүм!

Ууктурса ачуу түтүн,
төгөсүң көз жашыңды
Оо, ыйык,
Асман — чыдам
жашоонун саябаны —
көз жашта агат ызам.
Дүйнө эли — тынчсыз жаны.
Ирмелбейт кирпиктерим.
Бөбөктүн ыйы угулат —
энеден ажыраган.
Эр жигит жер кучактап...
Кан болуп агат арман!!!

Бейрут же Палестинде
Баскынчы саясаты —
Тумчугат балык сууда;
Мөмөсүз дарак башы...

Тирүүлүк кумурскага
Төзөктүн өту болгон.



Өлкөдө улан-кыз бар
Куралын ядролук сыноодо
Максатын жулган жолдон.

Ыйык парз —
Атадан калган мурас
Эл камы, жердин камы.
Уктатпайт мени ырас,
Жер онтойт ооруп жаны.
Таскактап өтөт мезгил,
Чыдамдуу турат Асман!
Баланын ыйы угулат

Балышта бир аз жатсам...
Сыноодон уулуу газды
Жандууну тумчуктурат.
Дүйнөнүн эне аттуусу
Уктасын кантип чыдап!
Ууктурду, гүлдү, элди
Дүйнөнүн бир четинде!

## ДЕҢИЗ ЖАНА ЖЕР ЭНЕ ЖАРААТТАРЫ

Деңиз жатат тумчугуп, күңгүрөнүп
Мени кошо терметип жер шарына.
Толкун жууган жээкке гүлдөр өнүп,
Мөмө байлайт жемиштер бутагында.

Деңиз улам бийиктеп буурақандайт
Ага деле тынч жашоо керек эле.
Эмненидир самайбы, мооку канбай,
Термелүүдө жер шары, кеме деле!

Ак көбүгү бүркүлөт кеткен тынчы,
Океанда, деңизде болбойбу уйку?!
Жер эненин көзүбү күзөт кылчу
Күйгөн өрткө чыдабай толкуп турчу.

Онтоосубу толкундар жер эненин?
Боору күйүп бетинде аккан канга.
Бүгүн Ливан денеси октон калбыр,
Айыга элек өткөндөн Херосима!

Жер эненин көз жашы туздуу деңиз,
Күңгүрөнөт тереңдик, тумчугуу бар.
Адамзаттын балдары билбей согуш,
Ынтымакта жашаса толкун тынар.

Арзууларды жеткирет бир-бирине
Ак толкундун адамга кызматы ошо!
Деңиз азыр күңгүрөйт, тынчы кетип...
Терметип жер шарына мени кошо.

## БЕЙРУТТУК ЭНЕ ЖӨНҮНДӨ

Күн бүркөлүп жердин жүзү караңгы,
Эмне болот, уулум чочуп калабы?
Бу кандай үн, кулак-мээни тундурган?
Бу кандай от куйкалаган адамды?

Күндүн бетин эмне тосту алаамат,
Жер эненин боору сансыз тытылган.
Өткөн күндөн бүтпөйт адам дабаалап,
Кимге ырахмат, кимге жапаа ушундан.

Канаттуу куш эркин учпас оболоп,
Ушул чуунун, уулуу газдын жытынан.
Нан жыттанган бейпил күн да жоголот
Жан алгычты эне туубай, ким тууган?



Эненин мен сүттөй аппак тилеги,
Жүрбөсө дейм муздак шамал жеримде.
Уулум өссө, гүлдөтсө бүт жергесин,
Көкүрөгү толуп турса мээримге.

Күн бүркөлөт, жердин жүзү караңгы,
Эмне болот, чочутабы баламды?
Бу кандай үн кулак-мээни тундурган?
Бу жан алгыч, эки буттуу адамбы?

...Деп күзөтүп, бейтынч күйгөн түндөрдү,
Эне жашайт — коргоп уулун, бир жерди.
Эне жашайт — уйку көрбөй, жай албай
Желаргыдан аяп жыпар гүлдөрдү.

Эне жашайт бир ууч жанын тиштенип,
Бейрут тынчсыз, уктоо болбой түйшөлүп.
Асманынан кар ордуна ажал жаап,
Өмүр жиби күйүп барат өрттөнүп.

Бүт жер жүзү түйүп турат булчуңун,
Чыңалуунун эң чегине жеткире.
Тээп таштайт согуш отун адамзат
Ар-намысы көөдөн жара серпиле.

## АКЫН КЫЗГА

Зейнат Битар, Зейнат Битар
Бейруттук кыз көрдүм бекер,
Көздөрүңдү деңиз сындуу
тамчылары кирпикке өтөөр.
Ыр майрамы. Эл толтура.
Трибуна. Сөз берилди.
Эреркедиң ыйлап ийип,
дедиң жана «о, туугандар
чоң кичүүнү кордогону
кандай күйүт.

Мекенимде абал кыйын»...
Көрдүм бекер,
Маанайыңды жылдызы суз,
Ырларыңды шайыр күүсүз,
уктум бүгүн, уктум үнсүз.
Көөдөнүңдүн коога, чуусу
Бейрут бейтынч!
Бейрут бейтынч
Зейнат Битар деңиз көздүү,
Чачың деңиз шамалындай.
Акын курбум даана сөздүү
Бүгүн мүнөт өтөт жылдай,
Кайгыңды тең бөлүшөмүн.
Өтөт ыза көз жаш болгон,
Окулбаган азыркы ырдай.
«Чоң-кичүүнү ызаланткан» —
өтөт күндөр.
Алибетте, арман болот
максат талбай сермейт канат.
Жай толкунга чардак конот.
Күн мээримдүү күлүп карайт.
Жарык маанай ыр окуйсуң.
өз элиңди даңазалап,
Тынч жериңди даңазалап.
Деңиз сындуу көздөрүң да,
Шамалындай чачтарың да
Бир ажайып болуп калат.
Ошондо кел жерге ырдап,
Кубанчыңды бөлүшөйүн!

## ЖАЗ КЕЛДИ, ШАЙЫР-БИЙЧИ

Келди жаз, шайыр-бийчи,
Кыймылы сырдашууда жүрөк менен.



Көздөрү жанып-күйчүү
Махабат мен эңсеген.
Жүзүчү — тамылжыган
ымандуу, уялыңкы.
Бал татып эриндери.
Келишкен бой-сымбаты,
Туйлатып жүрөктөрдү,
Ойготуп сезимдерди.
Келди жаз, чебер бийчи.

Сүйлөгөн бүт кыймылы,
Жаркырап маанайы ачык.
Күү менен жер кыдырып,
Бүр байлап, гүлдөрдү ачып,
жүздөргө күлкү чачып,
Өзгөчө жыпар менен
Сезимтал назик конок,
Сүйүүгө эшик ачып,
Келди жаз, эрке бийчи!
Келди эми мага бакыт.
Мен эми сүйүп калам,
сүйүп калам!
Ал мага болот ашык.
Ал менин жүрөгүмө
Ырдоого үрөн чачат.
Сезимде жашыл көктөм
дүркүрөп өсүп жатат.
Дайралар дарак болуп
Бу жазда атаганат
Өсүшөт тиреп көктү.
Дарактар көп бутактуу
салаалап агып тарап
сугарат жерди — чөптү.
Аалам бүт кызыл-жашыл
Башайы оронушат.
Булбулдар чебер сайрап,

Барчындар торолушат.
Жаз келди, чебер бийчи!
Мен үчүн чексиз бакыт!
Магдырайт
бактыга мас туулган жерим!

* * *

Жылдыз терип бере албаймын,
Кечирип кой жаңы ыр жазам.
Сага түрдүү маанай менен
Күтүп көзүм талганын да,
Сагынчымды, алыстыкты —
ат коюлбай ал ырларга
башталат жылдызчадан.
Сенсиз кыйын экендиги,
жок дегенде сейил куруу,
Күнгө күйүү пляждагы,
Көлдө сүзүү, таңда туруу...
Алгачкы жаан, алгачкы кар
Гүлдөр жана келгин куштар
Сенсиз күтүп алынаары,
Койчу деги, баары, баары!
Сен жөнүндө экендигин
айтып турат ар бир ырым.
Жылдыз терип бере албаймын,
Сени ыр менен ороп таштап,
Кайда жүрбө, мейли качан!

Кайра жаңы жазам баштап,
Сен, сен! деген ырларды бүт.
Чачып коюп жер жүзүнө
Өзүңдү таап келүү үчүн
Жаңы сапты баштайм кайра!..



## БУЛАКТАН КЫЗГАНУУ

Булак бар ондогон
бийикте-бийикте.
Мукам күү ойногон,
ийикпе, ийикпе.

Обонду
биз билбес,
Ырдашат тил менен.
Сыйкырлап ийикпес,
көөдөндү бийлеген.

Кошулуп миңи бир
агууда төмөнгө,
Айбаттуу күңгүрөйт
Арстан бабамбы?!

Жеңдей суу болсо да,
Айбаты, сүрү бар.
Акканда шаркырап
Арстан үнү бар.

Булак бир ондогон,
бийикте, бийикте.
Мукам күү ойносо,
ийикпе, ийикпе.
Калбайын анда мен
айыкпас күйүттө.

* * *

Сен тууралуу
бир түрмөк ыр жазыла элек,
Перизатым кайгыланба,
кайгыланба.

* * *

Жылдыздын ыры угулбас,
Шыбыргак жаандын түнү эле.
Жат сезим бутка жыгылбас...
Жүрөгүң күйбөйт тим эле?!

Уиутуп тааныш обонду
Түн ичи сүтак сайраган.
Бейтааныш сага боломбу?
Жолукпай жашап кайрадан...

Угулбас ырдай көктөгү,
Убакыт бүтүн чектеген.
Үмүттүү чырак өчпөдү
Узакка учуп көк менен.

## ЖОМОК ЖАНА ЫР

Жашоочу жомоктордун дүйнөсүндө
Алпештеп ак сарайда бир тилегин.
Бар эле анын сүйгөн жалгыз ыры
Жана да бир максаты айтылбаган...

Бир күндүн өмүрүндөй жайы-кышы
Бир жигит демөөр эле жаркылдаган.
Күн нуру жылыткансып гүлдөй өңү
Жашоочу жомоктордун дүйнөсүндө
Төп келген сыяктанып телегейи.

Жомоктун ырлары да мукам болчу,
Жайнаган гүлдөрү да жыпар эле.
Алыстап жакшынакай сырдуу арал,
Жигитти алып кетти чоочун неме.



Өзгөрдү бейпил турмуш жомоктогу
Жалгыз куш канат сермеп учуп кетти.
Деңиз көк, агарууда көбүктөрү.
Каалгыган булуттар түшүп кетти
Тереңге балыктарга ылым санап,
Күн тоодон кызарууда уялыңкы
Күн бою күйгөн алоо барат тарап,

Жалгыз ыр ырдалабы, сурайынчы?
...Белги жок ак сарайдан,
жомоктун изи калбай
ырдалат муңдуу обон,
Бир үмүт күйөт шамдай.

* * *

Кайрадан бүгүн бий аянт,
Өтсө да жылдар арадан.
Тагдырым кылды кыянат,
Тынымсыз аңдып караган.

Бий аянт, ичим тызылдайт,
Кайрылбай ошол жомогум.
Көп санаа мээде кыжылдайт,
Үнсүз жай басат коногум.

Кызгылтым гүлдөр, а кезден,
Ойнолот күүлөр мукамдуу.
Эстетип ойлор мени эзген
Күчөтөт жараат — кусамды.

Гүлзар, бак куштар сайраган,
Баяндайт бир сен жөнүндө
Күйбөйбү көздөр кайрадан,
Жолугуу болуп өмүрдө.



Междуведомственная централизованная библиотечная система
Инв. № 10427 / 485

## ЧАБАЛЕКЕЙ КЕТКЕН УЧУП...

К...нын эстелигине

Биздин асман чогуу болчу,
Чогуу эле өзөн-суу.
Чогуу тербей гүлдөрүн да
Төшүн керген өрөөндүн.

Жүргөн менен чогуу эмес,
Жүрөк ырдап, бир обон.
Көөдөн сүйгөн буурул элес,
Тирүүлүктө бирөө элең.

Бакыт деген чексиз эме
Дүйнө кезип, көкөлөп...
Көтөрдү эле сүйүү кеме
тоскоолдорду өтө көп.

Бир ырдалбай шаттык ыры,
Бирге өтпөгөн майрамдар.
Канаттуудай жаштык күнү
өмүр кушу кармалбай...

Боорун тыткан чоң толкундар,
Бүткөн кезде алсырап...
Бул жашоодон канбай кумар
Беймаал өчтү шам чырак...

Жомоктору буурул чачтын
Түгөнбөгөн буурул таң.
Сынык муздай бир кертим ай
Кыш ызгаары, көк асман.

Чогуу болчу бүт баары...



* * *

Мактабаймын көзүңдү же кашыңды,
Кара дебейм буурул баскан чачыңды.
Элесиңди көз алдыма келтирип,
Арга таппай катырам өз башымды.

Сулуулардан, сылыктардан бөлүнүп,
Сен жүрөсүң мага өзгөчө көрүнүп.
Бул бакытты этиеттейм, бир күнү
Сымап болуп чачылчудай төгүлүп.

Чачтарымды жалтылдата таранып,
Издеп
келем туш-тарабым каранып.
Элестетет эртели-кеч өзүңдү.
Сен тараптан мен тарапка жел агып.

А балким, сен гүл издебей, ыр издеп,
Дүйүм гүлдөн тааныш назик үн издеп,
Жүргөндүрсүң, чакмаксыз дүрт жан албай
Жүрөгүңө ыйык кадыр түн издеп.

* * *

Кайдасың жашыл багым,
Балалык середеги.
О, кайда алгач сүйүү
ал мага келеби эми?..

Кайдасың перизатым,
Зарыктым бүгүн ушу...
Кайдасың жийде бурак,
Сагынчым, үйдүн куту.

Кайдасың, биздин арал
ак толкун эркелеген.
Жапайым, аппак марал,
Тагдырда келсе дегем...

Өзүңдү күтүп бүгүн

Кайдасың? Көз талдырган
Аралык бийлейт неге.
Жейрен көз перизатым
Кайберен болдуң беле?

Жылт этип бир көрүнгөн
Кайберен — алгач сүйүү.
Издеттиң бир өмүрдөн
Тынчытпай күнү-түнү...

Эрте жаз, жийде бурак,
Тун сүйүү бүгүн кайда?!
Сагынычка көөдөн чыдап,
Эстесин унут калба.

О, биздин жашыл арал,
Үмүтсүз ээнсиреди.
Кайберен, аппак марал
Кайрылып келчи деги.

* * *

Аябай уяңдыкты берген экен,
Теңирим сага жалгыз.
Ар күнү күтүп жүрүп өтүп кетем
Ар жазда көктөй берет жашыл жалбыз.
Сен болсо мурдуң тердеп уялчаақсың...

Ар жазда көктөй берет жашыл жалбыз,
Сырыңды билбейм ошол абалдабы?
Суйкайып кызыктыраар сени ар кыз,



Ким билет, сени ал да таба албады,
Эмнеге комуз чертсең кылдар онтойт?

Өткүрлүк тийбей калган энчиң үчүн,
Сен дале мурдуң тердеп уялчаақсың.
Эрте жаз. Арык бойлоп көктөйт жалбыз...
Ойнолот баягы күү, үч кыл онтойт....

* * *

Артист А. Бродскийге

Үйлөнүү жүз бир ирет шакек тагып,
Үйлөнүү ар күн сайын театрдан.
Жылмаюу көздөрүңдөн сүйүү жагып,
Жылдыздуу деп аталып өтүү сындан.

Үйлөнүү жүз бир ирет — ажырашуу,
Күн сайын махабаттан чегүү азап.
А кээде сүйкүм, көркөм болуп жашоо
А кээде карек талып таңдар атат.

Бир кечте чейрек кылым машакаты,
Сайрандоо перилерди коштоп бийлеп,
Сулуулар Штраустун замандашы,
Жүрүшкен эс таңдыра назик сүйлөп.

Бул жашоо сапрано, жумшак тенор,
Бул жашоо Кальман сүйгөн жомоктуу түн.
Болбос махабатка тунган Вена
Баарынан кечип кетүү сулуу үчүн.

Үйлөнүү шаан-шөкөтү ак сөөктөрдүн,
Кайрадан сенин жолуң болбой калат...
Эл кетет кабарганча чапкан колун.
Көөдөндөр дүкүлдөшөт сүйүү самап...

Сенде көз сүйүү жагып жылмаюуда,
Кучагың атыр жыттуу гүлгө толгон.

## ЦЫГАН БАРОНУНУН АРИЯСЫ

Бул көздөр көрбөйт өмүрү,
Ыйлоонун эмне экенин.
Ойлогун периm өзүңдү
Өмүрдө барктап өтөмүн.

Бирюса жанган карегиң
Чачтарың түндүн толкуну.
Тартылып сага келемин
Колуңду сурап кол сунуп.

Өткөргүм келет өмүрдү
Өзүңдөй айдын нурунда.
Чоң сүйүү чогуу бир келди
Жалындап турам чынында.

Парижде жана Венада
Сүйүүгө мени туш кылбай
Сактаган теңир ырахмат
Жашыра албайм ышкымды.

Цыган кыз, сулуум, жамалым,
Мен үчүн келген дүйнөгө.
Найзалуу кирпик кададың
Бал ачуу жайын сүйлөбө!

Болгонмун барон жөн гана,
Эми мен цыган Барону.
Табышты биздин жылдыздар
Болбосун анда жоголуу.



## БАЯДЕРАДАН АРИЯ

И. Кальмандын
«Баядера» опереттасынан

Арабсың, барон эмессиң,
Байлыгың чендүү, жупуну.
Сүйгөнүң сага керек чын,
Не демек билсе ушуну?

Күйгөнсүң пери деминен,
Аргендей үндүү түгөнгүр,
Имере карма белинен
Махабат боосуз жүгөндүр.

Айрылуу эшик сагалайт,
Армандыр арты ишенбөө.
Сырыңды досум мага айт,
«Сыйымдыр» сени кишендөө.

Сагынычтын тартса азабын,
Гөзөлүң сулуу суйкайган.
Сүйлөшүп черди жазамын,
Театр көркү, не арман!

## ДАНИЯРДЫН ЫРЫ

Айланып калдың менин тагдырыма,
Дүйнөмдүн жарыгысың,
Көзүмдүн жалынысың,
дилимдин ысыгысың,
өмүрүмдүн кызыгысың,
Жүрбөйүн мейли кайда,
Көңүлүмдүн жарымысың.

Айланып калдың менин тагдырыма,
Сүйүнүчтүн ортогусуң,
Жылдыздын Чолпонусуң,
Кусанын дабаасысың,
көңүлгө кылба кысым.
Ырдайт деп менсиз деле
Чыгарба эрте бүтүм.

Айланып калдың менин тагдырыма,
Кубатсың чаалыкканда,
безенген эрте таңда —
Торгойсуң сүйүү ырын
ширелтип турчуу канга.
Сен мага зарылдыксың
Алмашкыс суугa, нанга!

## ӨЗҮМ ЖӨНҮНДӨ

Инилерим, келиндерим, эки кыз,
Күмөнсүрөө өсөт недир күн санап.
Эрте кетем, кеч жүрөм көп жыйында.
Шашып жүрөм, кучагыма гүл толот.

Келем кемип, бир ыр бүтпөй жазылып,
Түндөр сайын өчпөй шамым жагылып.
Столумда уктап чыгам бүкүлү,
бул силерге эмес ырас, жаңылык!

Кээде болот үй толтура коногум,
Ырдоо жана чылым түтөп ыр окуу.
Жакшы сөздүн, ырдын кулу боломун
Кээде ооруйт көңүл деген — ызы-чуу.

Түшүнбөйсүң, телефон да чырылдайт,
Бир дүйнөнүн чыгыш, батыш учунан.



Түнбү, кышпы билбей, угуп-угулбайт
Улут жашын карабай дос тутунам.

Кары-жашы эрте дебей, кеч дебей,
сырдашууга, жолугууга ынтызар.
Жашап жүрөм баш кашууга чолом жок
Жаштык деген дилде өчпөй бир кумар.

* * *

Башталды бекер бу оюн,
Жагымсыз жаан түнүндө,
Кызыксыз менин жомогум,
Кыялкеч жан деп түшүнбө.

Бузулду достук көпүрө,
Басылбай жааган жамгырдан!
Жашаарсың эми өкүнө
Ишенич сокур азгырган.

Дүлөй түн болчу тумандуу,
Жылдыздын ыры угулбас.
Жазбайсың эми кумарды
Сананын тору бузулбас...

Жаңырбайт күлкү түн жарып,
Ойгото ыкшоо сезимди,
Ураган дубал — кызганыч,
Жаштабайт бермет көзүңдү.

Сүйүү да эми өрттөбөйт
Тутантып эрин күнөкөр.
Жашоонду кубанч көрктөбөйт
Жаз менен кыш деп күн өтөр.

Тумандуу түндө бу оюн,
Башталды бекер, башталды!

* * *

Ырдан көрөм ууз сезим шооласын,
Тунгуч перзент ак маманы эмгендей.
Арып-чарчап улам айтып тообасын,
Чөлдөн тоолук тоосун эңсеп келгендей.

Ырдан көрөм булут челген бийикти,
Жапыстыкты тереңдикке чумкуган.
Махабатты, маанайы пас күйүттү
Санаа торойт, шайырлыкка умтулам.

Ырдан көрөм жылуу, назик сезимди,
Сүйүү отун куйкалачу аптабы.
Ырдап айтам сага арнаган сөзүмдү,
Түндө түрө ырлар жазып жап-жаңы!

## ӨТҮНҮЧ

Качан болсун, кайда болсун делбирим,
Мен жөнүндө эсте, эсте дайыма.
Куунак өтсүн, өтсүн иштеп жөн күнүң
Түндөр сайын ойлой бергин сагына.

Мейли күндүз нени ойлосоң аны ойло,
Курбуларды,
шартын, кызмат абалың...
Мен кабарсыз болсом, алыс же жолдо
Түндөр сайын күтүп жылдыз санагын.

Кайсы күнү чыксам эстен чыгармын,
О, делбирим сагынч болсун көөдөндө.
Терезени шыкаалаган узун түн
Үмүт жаккан көп жарыктай көөнөрбө.



Мен жөнүндө эсте, эсте делбирим,
Түндөр сайын ичтен сызып сагына.
Сапардабы, сен жетпеген аралда
Болсом деле кубат берем жаныңа.

## УУЗ СҮЙҮҮ

### Зейнепке

Жетпей калган ууз сүйүү баянын,
Улам айтып онтоо сымал ичинде.
Сен жүрөсүң тоодой куса көтөрүп
Ал да сага күч кошобу кичине?!

Көздөр жайнап, канбай калган махабат,
Көөдөн тиреп, басылбаган чаңкоо бар.
Ансыз өмүр чыкпай эми көркүнө
Дилде дайым өчпөй жүрөт бир кумар.

Ууз сүйүүң калып, уяң жаш бойдон,
Көөдөнүңдө демөөр болоор бир өмүр,
Анын дагы толбой дайым кучагы
Түндө уйкусуз жылдыз санап жүргөндүр?..

Демек азыр жашап жүрөт бир арман,
Жийде бурак эки жашты жоктогон.
Турмуш жиги кумдай чуурган убакыт
Күкүк-Зейнеп болот теңир кошпогон.

Жийде бурак эстей берет жыл сайын
Эки жаштын алгач айткан ак сырын.
Жалгыз койбой жаманчылык-жакшыда
Бактың ушул — ырдап өтөөр жакшы ырың.

* * *

Жаандан кийин баары таптаза,
Гүлдөр, дарак-шактын бутагы,
Күйүп жатат ысык, жагымдуу
Кызга толгон жигит кучагы.

Жийде бурак төгөт жыпарын,
Биротоло ороп экөөнү.
Ай олтурат ээлеп кусаны,
Секичеде жашыл кечөөгү.

Дыбыраган жаандын шыбырын,
Жигит менен кызга өткөрүп,
Этек-жеңди ээлеп сыдырым,
Издеп жүрөт недир кечмелик.

. . . . . . . . . . . . . . .

Этек-жеңди ээлеп сыдырым,
Издеп жүрөт недир кечмелик.

## ИРМЕМ

Келди ирмем кубанычтан байлап канат,
Жалбырттап көздөрүндө алоо жанат.
Жетелеп бүтүн жылуу сезимдерди
Жер-суугa сыйбай турат атаганат!

Келди ирмем азыр жаңы төрөлгөндөй,
Ак болуп, наристедей таза болуп.
Өрөпкүп жээгине сыйбай улам,
Өзүнчө деңиз болду ташып-толуп.

Бир ирмем, уч-кыйырсыз шаттык келди,
Жапыз, тар, ным бөлмөгө жаштык берди.



Жер-суугa сыйбай турду мөлт-калт болуп,
Кучактап бүтүн ысык сезимдерди.

## ЖАЛГЫЗДЫК

Жалгыздык — сезбей калуу жылуулукту,
Жалгыздык — билбей калуу улуулукту.
Жабылып көөдөй кара чүмбөт менен
Жашоого сеппей калуу сулуулукту.

Жалгыздык — айдай бетин булут тоскон,
Бир күйүп өчүп калган ак жалындай.
Жалгыздык — кээде улуу жүрүш жасайт,
Азоодой моюнуна жүгөн салбай.

* * *

«Сагынып жүрөм сени, жүрөм сени,
Секетим, перизатым, көгүчкөнүм» —
деп зымдын, тээ учунан кабарлайсың,—
«Бошобойм, бүтпөй жатат көп иштерим».

Көз жетпес аралык бар арабызда,
Жеткирбей сени мага, мени сага.
Жашоонун көп бөлүгү өтүп кетти
Жылдардан күтүп жүрүп сени гана...

Сен зымдын бир учунан кабарлаарсың,
качандыр «баратам,— деп, баратам,— деп,—
Сагынба, оо жан биргем, перизатым,
Кусаңды аз күндөрдө таратам,» — деп.

Сен зымдын бир учунан кабарлаарсың,
Кайсы бир мезгил жетсе....

1994. 1/II

* * *

Күтүлбөгөн жолугуу пляж менен,
Жолугуу бир жигитке мен издеген.
Кокусунан чөмүлүү көл суусуна
Күтүлбөгөн байланыш деңиз менен...

Удургуган, күтүлбөгөн кокустуктар,
Бактылуу же бактысыз кокустук бар —
Бу дүйнө-өмүр дайыма тескеп турган,
Бирде жайлап, бир токтоп, бирде агат шар.

Күтүлбөгөн таанышуу — ынак достук,
Күтүлбөстөн бакытың чакмак алат.
Айрылууда ындынсыз, нашүт-боштук,
Табышуудан көздөрдө жалын жанат.

Күтүлбөстөн үзүлөт гүл сабагы,
бүрүн төгөт кайсы бир бошоң дарак.
А биздеги кокустан кезигүүдөн
бир жылуу нур денеде жашап калат.

* * *

...Баягы сезим кыйнап чеккен санаа,
чоң жолдун тигил эки айрылышы.
Кайрадан ушул сааттар камыктырып,
кыймалат кош деп айтаар мезгил ушу.

Ойлоруң алыс учат закым менен,
Чайналуу,
караңгылык, алыстыктар.
Алдыда улуу дайра сен билбеген,
Алдыда тик, жалама көп ашуу бар.

...Чоң жолдун тээ баягы айрылышы,
чымчылайт аяз улам бети-колуң.



Келе албай бир чечимге тунжурайсың
Шыбырайм «тандай көр» — деп жолдун оңун.

* * *

Келесиң шашылып кайдандыр,
Ачаарсың эшикти тымызын.
Кылчактап каранып артыңды
Олдоксон, ыңгайсыз турушуң.
Ненидир күтөсүң шашылып,
Өзүңө түшүнүп түшүнбөй.
Бөлөөрмүн сөзүңдү бүтүрбөй...
Жаштыктын ченемсиз күчүндөй
Башталат бир жашоо — күтүлмөй.

## ЭКӨӨБҮЗ

Экөөбүз эки башка кеме болуп,
Жүрөбүз кусаланып алыс жакта.
Сагыныч аралыкты туташтырбай,
Карааның узап барат алыс жакка.

Экөөбүз эки башка арал болуп,
Жел кайык жеткирбеди кабарыңды.
Сен сырдуу, окулбастан кала берип,
Менин да билген жоксуң абалымды.

Экөөбүз эки башка толкун болуп,
Деңиздин аймаландык шамалына.
Сен жээкте эрте жетип, майдаландың,
Мен жалгыз калдым тагдыр — аралымда.

* * *

Сен барда — жашыл чынар,
Сен жокто — купкуу дарак.

Сен барда — гүлдөп турам,
Сен жокто — талыйт канат.

Сен барда — бакта булбул,
Сен жокто — баригим жок.
Сен барда — өмүр гүлгүн,
Сен жокто — жарыгым жок.

Сен барда — түндөр айлуу,
Сен жокто — чак түш күүгүм.
Сен барда — билбейм кайгы,
Өзүңсүз билбейм киммин?!

Сен барда — жашыл чынар,
Сен жокто — купкуу дарак.
Менсиз — саа жакшы чыгар,
Сенсиз — маа жүрүү чыдап.

* * *

Асман менен жердейбиз — биз экөөбүз.
Тирүү менен көрдөйбүз — биз экөөбүз.
Ташка урсаң да башыңды жан талашып,
Бир уяга келбейбиз — биз экөөбүз.

Бир өрөөндө аралаш өсүп калган
Тикен менен гүлдөйбүз — биз экөөбүз.
Табышсак да табышпай бу жашоодо,
Махабатты билбейбиз — биз экөөбүз.

Асман менен жердейбиз — биз экөөбүз.
Бир уяга келбейбиз биз экөөбүз.

* * *

Көл болбочу,
Сенден толкун жаралбайт.



Чөл болбочу,
Аңкап бирөө бара албайт.
Гүл болбочу,
жыттап мооку кана албас.
Бар болбочу!
Жоктой,
нерсе жаралбас.
Кыйын сага
Аны эч ким тана албас!

## САГЫНГАН МҮНӨТТӨРДӨ

Бир саратан тынбай койду чырылдап,
Атаандашты сени ойлогон ой менен.
Арга жоктон башым ооруп зыңылдап,
Уйкусу жок карыядай толгоном.

Баары бир тең, сени эңсөөм күчтүүрөөк,
Неден, неден жүрөк сыздайт тымызын.
Болсо дагы аралыктар, убакыт,
Жолугарбыз, о менин күн чыгышым.

Бирок, азыр түндөр узун сезилип,
Саратандын сайрашынан эзилип
Дилим байкуш жукаргандан жукарат,
...Ооба, кийин келет таш боор өкүнүч!..

## ЭСКЕРҮҮ

Жаз келсе айылыма,
негедир жалгызсырайм.
Болсо да дос, курбулар,
Кабарың желден сурайм.
«Али ал келе элек»
жеткирип сенден кабар.

Ойлорум — чынар терек
бутактап өскөн катар
Эстетет шуудурагы
Шыбырлуу жалынычты.
Эстетет жылуу демди,
Көз жанган сагынычты.
Эстетет балапандай
учканды тагдыр издеп.
О, кийин табышпаган
Айылда из көп, из көп...

Жаз келсе айылыма
Эстетет сен жөнүндө.
Майрамды сенсиз өткөн...
Өзүңсүз ирмем болбой
Үмүттүү жашап жүрчү,
Өлчөөсүз бакытымды
Эске салат!
Ушул жаз!

* * *

Күттүм сени жазында жоогазындын —
гунчалары жаңыдан түйүлгөндө.
Жок дегенде телефон чала албадың
Жылмаюуңду көрбөдүм дегеле өңдө.

Жашоо дайым жол күтүп, карек талып,
Ыр, бийлерге тойбодук моокум канып.
Ырыс деген дал ушул селкинчектүү;
Ыдыраган жекелик — өмүр тарых.

Күтүп жүрөм, дагы жаз — шөмтүрөтүп,
жамгырлуу бир басылбас сыяктанган.
Ырлар жазам өзүңө — ойлоп жүрбө,
издөө дагы чоң бакыт, эмес арман.



Бирөө айтат сүйүүсүн кубанычтуу,
Бирөө аны билдирет эстен танып.
Баяндайт го ким бирөө аңгемедей,
А кимгедир сүйүү бул — жашап калыш!

## ТАҢКЫ ТИЛЕК

Кыйналдың дос, сезимиңе ишенбей,
Чылым менен үшкүрүккө чайналып.
Көөдөндөгү жакшы тилек бүт өнбөй
Сары санаа түтүн болду айланып.

Карегиңде от ойноткон жигитсиң,
От бөлүшүп тоңгон дилди жылыттың.
Жүрөк заада ошол оттун табында
Саа түшүнбөй азаптанды бир учкун...

От жалбырттап, кайрылса экен ишеним,
Бир ирмемге ишенүүгө өзүңө.
Турмуш — тагдыр болуп анда ыраазы,
Жарык боло түшөөр эле бу дүйнө.

* * *

Канча чогуу өткөн жылуу мүнөттөр.
Мен өзүңө түшүнө албай турамын.
Канча чогуу кагылды эле жүрөктөр
Азыр күтөм жетпей, жетпей чыдамым!

Элестетип көрчү менин сагынчым,
Канча көз жаш дайра болуп агылды.
Терметилип канча түндөр уйкусуз
Канча түндөр чырак өчпөй жагылды.

Канча үмүт сага жетпей үзүлүп.
Төшөктөрдө уктоо болду бүкүлү.

Сен өмүргө күтүү болуп бир келип,
Сынап жүрбө, чыдамымды, күчүмү.

Канча жашоо гүлдөйт эми алдыда?
Дагы канча жалгыздыктар жол күтөт?
Сагынычым үйгө сыйбай калды да,
Сүйүү өртү жалбырттоодо бир күчөп.

Жетпейт аны токтотууга кудурет!

* * *

Ыр жазыпсың мага,
Көлүм болчу кагылайын...
Улам-улам окуп коюп
Сагынаарым сагынамын.

Көл да кеппи болуп деңиз,
Жоготконмун эбак чекти.
Жолдоруңда карек талды
Жарым мүнөт келип кетчи.

Сагынаарым ойлойсуңбу?
Сенсиз түндөр узун, дүлөй.
Сенсиз жарык көз тунартат.
Сенсиз ойлор болбойт түгөй.

Сенсиз кыйын, сенсиз кыйын,
тамактануу, ырдоо жана.
Мен өзүңдү толуктайын
Толукталчы сен да мага!

## БАЛТИКАНЫН ЖЭЭГИНДЕ

### I

Түн кетти этек-жеңи чийип жерди,
Ордуна оттой ысык сүйүү келди.

Жакшы ойлор бутактады гүлдөп турган,
Шектүү ой баары бүгүн болду курман.
Асемдүү үй курулду сүйүү ырдан.

Намыс тээп эки бетти канталатып,
Күнүлүк өлүп жатты жанталашып.
Сүйүнүч көкүрөктү кайкалатып.

Мокогон ишенимдин курчуп мизи,
Таштарга махабаттын батты изи.
Жаңырып жазга айланды сезим күзү.

Уланып кереметтүү үмүт жиби,
Өмүрдүн жыпар чачты назик гүлү.
Кош толкун өпкүлөдү бирин-бири.

Табышты бирин-бири эки толкун,
Деңиздин шамалына аймаланып,
Кемесин махабаттын айдап алып....

. . . . . . . .

Кемесин махабаттын айдап алып!

### II

Күнү — кечке нөшөрлөп жаан түгөндү,
Солуктады, өпкөлөдү, басылды!
Шамал-кудай жар салууга жиберди,
Желаргыны,
Гүнчадан гүл ачылды!

Март табият чөп аттуунун баарына,
Бермет такты, жасанышты жабыла.
Жалбырактар «дир-дир» үшүп жапжашыл,
Жаштык келди дарактардын шагына.

Таштар, таштар, кылымдардын таштары,
Кызгылт, саргыч, көгүлтүрү, актары.
Кынаптаган бир жаш эстон жигиттин,
Колдорунун батып калган тактары.

«Кызылы — өмүр, гүлдөп турган курагы,
Саргычы — санаа мээден такыр кетпеген.
Көгүлтүрү — максаты анын беттеген,
Актары — эмгек. кылымда өңү өчпөгөн».

—«Балтиканын сыйымындай сүйүүсү,
Жанып турчуу таш керткенде болуп от,—
дешет аны — жаштыгы ушул жашыл шаар,
Чоң сепилге чыксаң баары көрүнөт».

Дагы, дагы таштар айтат көп тарых,
Чоң толкундар жээкти ургулап кайтышат.
А жээкте жаз, келип калчы, берекем,
Чардактар да чогуу учушат, кайкышат...

### III

Биз сапарда тапкан сүйүү жаңылык,
Кала берди бирин-экин куралбай.
Тагдыр жолу татаал келип, жаңылып
Ал купуя сезим жүрөт ымандай.

Мен сапарда сени издеген жолоочу,
Фин булуңу, эстон достор, фин жолдош,
Гүлгө оронгон Петр Iдин короосу,
Ыр-бийи анда, сенин дайым ордуң бош...



Сүйүү — тагдыр менин өмүр баяным,
Биз табышпай, толукталбай калабы?
Жашоодогу мага кымбат адамым
Көк деңиздин болуп келчи чабагы.

Буурул түндөр сен жөнүндө ойлоого,
ыңгайлуу чын, деңиз недир күңгүрөйт.
Жел кайыктар чатырлары ак шамдай
байлоодобу? Толкун шилеп кайгы жейт.

Буурул түндөр болбойт ага-аралжы
Таң күттүрүп желедеги кулундай.
Эңсегени, эркиндиги көк деңиз,
Мен өзүңдү издеп, күткөн жылымдай...

### IV

Адашуунун көбөйтүүдө эсебин,
Албууттанган бороондуу кеч — кечээгим...
Үшүп калды таза сезим дилдеги,
Алыстардан бакыт издеп кетемин.

Мен элиме эрке кызмын ырыстуу,
А жарыма эрке аял болбогом.
Эптеп тирүү жашоо дагы жумушпу?!
Махабаттын кесеси бош...
ойлоном...

Берди мага бүт бардыгын жараткан,
Сулуулукту, гаухар көздү — жайнаган
Берди жана өткүрлүктү канатчан,
Бийлик берди он сегизде кайдагы.

Акыл эстүү, менменсинген, текебер,
өрт жигиттер ашык болду маалында.
Мен бар үчүн көркү ачылып кечелер,
Мен бар үчүн түн күзөттү шаарым да...

Сүйдүм күнүн кирпиктери жылыткан,
Бардыгынан ысыгыраак аптабы.
Лайли-Мажнун даам таткан ырыстан
Теңир бизге энчи берип таштады!

Албууттанган бороондуу кеч — кечээгим,
Адашуунун көбөйтүүдө эсебин.
Сенсиз мурда куунап жүрсөм бейкапар
Сенсиз эртең жашай албайт экенмин!

V

Арабызда өкүм сүргөн айрылуу,
Даамы недир туздуу болуп баратат.
Деңиз күр-шар жээкке урунат буркулдап,
Көбүктөрү көз ирмемде тарашат.

Кыйкуулаган жалгыз чардак түрмөктүн
Чокусуна конуп мооку кануууда.
Өткөн күндөр көбүгүндөй толкундун
Бир жылт этип, кайра өчүп калууда.

Балким, сенде кубанычтуу убактыр,
Күлкү жайнап, кызыл жүргөн жүзүңө,
Же кирпигиң бир ирмелбей тураттыр
Салмактуу ой моюн сунбай өзүңө.

Деңиз жээги үрүл-бүрүл мунарык,
Толуп-ташып көөдөн кудум деңиздей.
Сени ойлоодон кан тамырым чыңалып.
А элесиң коштоп жүрөт эгиздей.

Чабак суусуз жан талашкан сыяктуу,
Мен өзүңсүз тартуудамын үшкүрүк.
Деңиз ташса кайда барып сыят суу?!
Таарынычты жеңет эңсөө — күчтүүлүк!



Арабызда өкүм сүргөн коштошуу...
Деңиз күр-шар жээкке урунат буркулдап.

VI

Өкүнөөрмүн таш боор го деп тагдырым,
Бир кылымга тете өтүүдө бир жылым.
Он беш жазым, сараптаным, алтын күз
Алаканга тутсам чуурат бардыгын.

Өкүнөрмүн табышпаган өмүргө,
Болбогонго жолугушуу өрттөнгөн.
Түтпөстүрсүң көп кечигип келүүгө
Күндөр сенсиз учуп өтөр көптөгөн.

Тагдырымда кайсы күнөө, не жазык
Менин бактым — көздөр жайнап жол күтүү.
Бар деп ойлоо бу өмүрдө жол азык
Сен келгенден калаар балким ыр бүтүп...

Өкүнөрмүн таш боор го деп тагдырым,
Ошондо да күткүм келип бир кылым...

## СУУ ПЕРИСИ ФИН БУЛУҢУ БОШ ШАМАЛ...

Бул эски таш жээктеги,
Көп узаткан экөөбүздү.
Шамал дагы жер шыпырып,
деңизге өткөн,
Эчен жолу кучактаган,
өпкүлөгөн
экөөбүздү.
Анан кеткен алыстарга
жалын сындуу дуу деп күйүп,

Канча жолу кайра келген.
Толкунундай деңиздин көөшүп,
тунуп,
бул булуңдан эчен жолу
Кеттик эле экөөбүз да
жай сүйлөшүп же таарынып...
Кубанычты эчен жолу бөлүшкөнбүз.
Күтүү болгон кеменин жолун мында
көз карыгып, көп зарыгып,
Бороон айдап бир учкунду
адаштырды каяккадыр
экөөбүздөн.
Толкундардан суранамын
эстетпе да, үнчүкпа деп,
кеме мага кандай кабар
жеткирерин кудай билет.

Фин булуңу, толкун мээлүүн,
шамал менен эркелеген,
бул эски таш жалгыз бүгүн
чардак конбой ээнсиреген.
Жер шыпырган шамал азыр
ээлеп алган деңиз бетин.
Суу periси кайгырууда
бир белгисиз чөккөн кеме,
жигиттерди эстеп дале...
Алар үчүн калктын баары,
Суу периге келип каары,
чыгарып таш үстүнө,
чынжыр коргон байлап сырттан,
деңизинен ажыраткан.
Качан болсун колун сунуп,
Канатын да жыйбай эч бир
түн күзөтөт, күн күзөтөт
деңизди ал.
Суу периси, аттиң дүйнө,



чынжыр коргон ичинде
жашап келет —
деңиз ага, ал деңизге
болуп зар!..
Суранамын эстетпечи
толкундар,
шамал сен да,
эски таш!
Бороон айдап бир учкунду
адаштырган каяккадыр,
Айрылууга кыйын чыдаш!
Суу периси, Фин булуңу,
шамал бош...

## МОСКВА КАЙРЫКТАРЫ

«Пушкиндин метросу,
Пушкиндин аянтына
Саат үчкө келип калчы!»...
. . . . . . . . . . . . .
...Убакыт шамдай күйүп,
азаят барган сайын»...

* * *

Декабрь
Аяз.
Борбор.
Бир бөлмө терезеси түн көзөгөн.
Ар түрдүү түстө колдор,
Бир дасторкон, түрдүү даам.
Кызгылтым виносундай
молдаван кыз,
Кылычындай өткүр бир осетин кыз.
Өзгөчө тарбиялуу эстон кызы.

Жигити грузиндин
бүркүтүндөй текеберлүү,
куудул, шайыр — азербайжан уулдары
Жейрендин көздөрүндөй жайнайт карек.
Сезимдер алоологон,
Күлкү чатыр — көтөргөн маанайларды.
Бир ата балдарындай
Очор-бачар чогуу өскөн
Короосунда чоң атамдын,
Жөжөлөрдөй жем талашкан.
Көңүлдүү шат, дуулашып,
Түшүнүшүп көз караштан
Жанып турган ышкы отун
ырдап, бийлеп...
олтурабыз
Ортобузда дасторкону достуктун
Уул-кызы эркелеген
Ар бирибиз бир элдин
Жашыл достук бүчүрлөгөн —
анар даны сыяктанып
баарыбызга бирдей жетет.
Декабрь,
аяз, борбор.
Бөлмөбүздүн терезеси түндү көзөйт.

* * *

Артыбызда ар кимдин Ата Мекен,
Ата Мекен мен үчүн, сага Эне экен.
Кандай болсун ыйык го экөө бирдей,
Бирок, жерди коргогон атам экен.

Атам-энем кутмандуу мекенимдин
Бири чекте, а бири үйдүн куту.
Эриш-аркак жашаган ыйык жерде
Жамандыкка жорушат качса кушу.



Качса кушу алыстан жоо келчүдөй
Жаа жебесин шайлаган көктү карап.
Аргымагын таптаган аркар отко
Эр жигиттин канаты кылым санап.

Эр жигиттин канаты аруу сүйүү,
Ууз кымызды жуткузган ат жалында.
Пейилиңдей алакай кыргыз үйү
Бүркүттөрү айланган асманында.

Артыбызда ар кимдин Ата Мекен.
Ата Мекен мен үчүн, сага Эне экен.
Кантсе дагы ыйык го экөө бирдей
Бирок, жерди коргогон атам экен.

Артыбызда Мекеним, таянычым.

* * *

Пушкиндин метросу,
Пушкиндин аянтына...
Саат үчкө келип калчы!
кыз-жигит макулдашат,
Белгисиз чыгыш-батыш,
метро поезддери
Сагынчты жулуп качат,
жаштыкты жулуп качат.

Ортомчу бул телефон,
ар кайсы станция
айланат эсколатор,
Дайрасы адамдардын.
Гений да миңдин бири,
Гигант да миңдин бири
Көз токтоп бөлбөс көңүл
мерестик агым-агым.

Баш көрбөй көз көргөндү
    шашылуу бийлик кылат.
Убакыт шамдай күйүп,
    азаят барган сайын.
Телефон сактап жанды
    түнү же күн чыркырап
Алтайдын, кыргыздардын
Сибирдин айтат жайын.
Твердин бульварында,
    жорголойт көгүчкөндөр,
Колумдан жем талашып.
Пушкиндин аянтында
Кимдидир күткөн элдер,
А бирөө барат шашып...

* * *

Арбат, Арбат — карыядай
Карап келем ак уяңы.
Бийигиңди, жапызыңды,
Кыздарыңды, карыяңы.

Мурутуна кондурушуп,
Кычыраган бубагыңды.
Карайм шашып каяккадыр,
Жөөлөп өткөн уланыңды.

Алыстыктар арабызда,
Сагынчтын деми бубак.
Таң калбачы кара кызга.
түгөнбөгөн суроо сурап.

Дебе жалгыз, жалгыз дебе,
Көөдөнүмдө күлгүн улан.
Жанып кээде, сыздап кээде,
Эстей, эстей демөөр кылам.



Көздөрүмдү окубагын,
окубагын бүт сырымды.
Кайда алпарат шашкан агым?!
Тартчы, мезгил тизгиниңди.

Агым шашат метрого,
Анан поезд зымырылат.
Артта калган олжо күндүн
Аянычтуу үнү угулат.

Үн угулат аянычтуу,
Ырдалбаган биздин обон.
Кыйнап бүттү кара кызды —
Бош күн, сенин кылган олжоң.
Арбат-Арбат! Мезгилсиңби?..

## АК ҮЙДҮН БЕШИНЧИ КАБАТЫНДА

Ойго түшөт алыста бир түтүн эл,
Бир түтүн булаткан кыз.
Арчадан отун алып жүргөн кыргыз.
Беймаалда, кара суукта калбадыбы?
ошол кыздын
туурулуп назик бети,
бышпай өз убагында тамагы да
кечигип ичти бекен.
Жатабы бүкүлү үшүп төшөгүндө?
Күтүүдөн чарчадыбы?!
Москва!
Ак үйдүн бешинчи кабатында,
Келерки доор жөнүндө
    аңгеме угам,
Көңүлүм бүт айылымда.
Ой тынбай кабар алып келет улам.

Улуу кар түшүптүр дейт...
Асан кайгынын ыры
эске түшөт...
Асман төөнөп мунаралар;
Элестетет асманымды,
Бийик тоо тиреп турган,
Кыргыздын жигитиндей
ак калпакчан.
Ак үйдүн бешинчи кабатында
Айылыман ойлорум,
кабар алып келет улам.
Анда бар бир түтүн эл,
Бир түтүн булаткан кыз,
Арчадан отун алып
жүргөн кыргыз.

## ЖҮРӨК

Таң калууга болоор бекен,
Нурдун табы күйдүрөт.
Айтуу асан эмес эркем
туйлап турат бул жүрөк.

Тыбырчылайт уйгу-туйгу
Байлоодогу тулпардай.
Не бир
мукам обон чыгат
Тунук сезим ак кардай.

Таза бойдон дак түшпөгөн
Наристе бир ыйык зат,—
Жер шарына чоң күч менен
махабатын таратат.

Дүйнө нурлуу, дүйнө сүйкүм,
Мээрбан эне жүзүндөй.



а жүрөгүм согот күн-түн
күзөтчүсү үзүлбөй.

* * *

Ысык жалын бийлеген,
менин, сенин эркиңди.
Бул жашоонун негизи,
Бул өмүрдүн кемтиги.

Табуу ушул тагдырда,
бир ирмемдин майрамы.
тете болот миң жылга,
айрылуу бир кайдагы...

Менин жыргал-азабым,
Сага кымбат бир бакыт.
Түгөнбөгөн жалынч сөз
Көздөр күйгөн сырдашып.

Канат сүйүү ирмелет,
Каректерде от учуп.
Албан сүйүү бир келет
тутандырган от — учук.

Башка кетет поезддер,
Кайрымсыз, тил укпаган.
Экөөбүздү бул кездер
эзет эстен чыкпаган.

Кыска өмүрлүү сүйүнүч,
салтанаттуу майрамдайт.
Күтүү сени чоң үмүт —
өлгөнчө эми айрылбайт.

Ысык жалын бийлеген
эс тандырчу таттуулук,

көздөр үнсүз сүйлөгөн
кайтара албай өткөндү
кийин болот макулук.

## КАТ

«Күтпөчү сагынаарым, сагынаарым,
Саргайып калаар бекер ак ыраңың.
Жайнаган элик көзүң сумсайбасын
Жароокер мен өзүңдү сагынамын.

Келип кал, дүйнө жүзүн жарык кылып,
Нуруңду, шооланды эч аябастан.
Өзүңсүз мен кертим ай, муздак сынык.
Өзүңсүз жылдызы жок булуттуу асман.

Күтпөчү күндөргө бүт алоо шыкап,
Ойлорум сени менен ирмем сайын.
Аябай сезим тилет саңаа бычак.
Аячы кагылайын, кагылайын.

Маанилүү сен бар үчүн жарыкчылык,
Маанилүү ырдоо жана күтүү жетпей.
Тагдырым берет жыргал зарыктырып
Жашаймын махабаттан үмүт өчпөй,» —
..деп, жазып калтырыптыр эшигиме,
ошол күнү...

## ЕСЕНИНДИН МҮРЗӨСҮНДӨ

Амансыңбы, дебейт эми Есенин,
Персиялык перизатка жолукпайт.
Бек кучактап жатат бүгүн Мекенин
Же бирөөнүн гүл көңүлүн оорутпайт.



Ыйык жерге кылган өңдүү зыярат,
Жадбалдай жатка окуган ырларын.
Эл учугу таңдан кечке чубалат.
Мүрзө кызыл гүлгө оролгон ыр — жалын.

Ырың сенин ободогон — бир ак куу
Лира болот, сүйүү болот жер-жерде.
Аза күтүп дал Шагане сыяктуу
Кайың турат башын ийип келгенге.

Айлана кар, мелтиреген жылгаяк
Бирок, сендик сүйүү тоңбойт Есенин.
Персиянын кайрыктары ырдалат
Кыргызыма жомок кылып кетемин.

* * *

Карт Арбат көчөсү бул,
Издер, издер басырайт кар
айлап-көчөк.
Көңүлсүз ыр
Ак көшөгө тартат асман.

Каяккадыр жигит-кыздар
шашыла өтөт жандап,
Өзүнчө кооз, токтоо бойдон
Күзөтүүдө карт Арбат.

Из жашырып ирмем сайын,
Көктөн аппак төгүлөт нур.
Жааган карбы, түнкү шамбы?
Жуурулушуп кетиштир.

Сиңип кеткен калбай жиги,
Туш тараптан келген куштар.
Сыр ачпаган Арбат бийи,
Сыяктанат бубак учкан.

Тымызын бир күү ойнолот,
бейпил түндү жумшак термеп.
Миңдин бири мени ойлонот
Көчөлөрдө эл көп, эл көп.

Кайда шашат делбелектеп,
Кар сыяктуу агылган эл.
Карт Арбат.
Кар бапырайт
Издер, издер аккан бир сел.

## КЫЗГАНЫЧ

Кызганасың аппак кардан,
Ак кайыңдан, бубактардан.
Жарашат деп кыш да мага
Сенде күйүт, сенде арман.

Күйөт дейсиң көздөрүмдү,
Күн да мени тамылжытат,
Күнөөлөйсүң айды, күндү
чыкыроон да сени утат.

Жалбарасың теңириңе,
Анан жүрөт «бороон — чапкын».
Темир жол да «мага карайт».
Телефон да сенин кастың.

Жоголот түк адилеттик,
Келет чарчоо миң бир түрдүү.
Кайдагы бир октом көктүк
Күчтөп турат күйүтүңдү.

Кызганасың аппак кардан,
Ак кайыңдан, бубактардан



жарашат деп кыш да мага
Сенде күйүт, сенде арман.

* * *

Артта калды сүйүү — вокзал,
Ала качып оздугу жок паровоз.
Мезгил закым зымырылган
Анан бизге айттырбады кайыр кош.

Ал тараптан узатпаган кастарлап,
Жана дагы күтүп албас гүл менен.
Аялдама сагынчы да сүйүүсү аз
Бар кадырын, жок кадырын билбеген.

Ээн вокзал, муз оронгон айлана,
Бубак жыргайт кучактаган кайыңды.
А поездер ырайымсыз шакылдак.
Аркы-терки өтүп кыйнайт жанымды.

Узактарга сиңип кетет вагондор
Үмүткө окшоп аткарылбас өмүрдө.
Тилей берем о секетим, аман бол
А жараатым сыздап турат көңүлдө.

Артта калды сүйүү — вокзал, «аттиң ай!»
Ала качып алып учкан паровоз...

* * *

(Болгар кызы Марияга)

Бышкан буудай, сапсары ыргап башын,
Түшкө кирет конок үй бөлмөсүндө.
Болгар кызы жайдары жайып чачын,
оройт аны саамайы күйөт күнгө.

Каяктандыр сыбызгы обон келет,
Тамылжыган кыз өңү, билбейт буудай.
Кереметтүү талаанын перизаты
Кыз да бийлейт көлдөгү чүрөк, куудай.

Эмнегедир түшүмө буудай кирет,
Берекеси төгүлгөн Болгар жери.
А Мария не бир кооз тарткан сүрөт,
жүзүм түптөп, гүл эккен жигиттери.

Түшүмө кап-кап толо буудай кирет
Жана да жан курбумдун тууган жери.
Алтын кум, достук-деңиз, толкуйт жүрөк
Ооба, анан шыктандырат сүйүү деми.

Таанышуу жаркылдаган боордош кызга,
Дегенсийт ырда эркин кыз, ырда, ырда!
Жашайбыз канаттуу доор чүрпөлөрү,
күн ороп мээримдүү бул жарык нурга.

Түшүмдө бышкан буудай ыргайт башын...
мекендин шамдарындай
Эсепсиз элестери
каректе кармалууда.

Сааттын сандарындай
ааламда достор жайы
Дүйнөнүн киндигиндей
ыпысык мекенимде
Алтын күн желесиндей
таратам достук жибин.
НарисТе, ыйык сезим
жыпжылуу жүрөт дилде.

## МАЗМУНУ

ЫРЛАР


Өсүү . . . . . . 3
Чоң энем жана мен . . . . . . 4
Карт жоокердин эскерүүсү . . . . . . 5
Чоң апамдын ыры . . . . . . 7
Жалгыз . . . . . . 8
Балама . . . . . . 10
«Күн нуру, суу шары» . . . . . . 10
«Жашырып гүлүңү...» . . . . . . 11
Жайлоодогу бир элес . . . . . . 12
Кубандын тоолору жөнүндөгү ыр . . . . . . 13
Досторум бар . . . . . . 14
Жашоо — вокзал . . . . . . 15
Алар . . . . . . 15
Күз элеси . . . . . . 16
Теңсиздик . . . . . . 16
«Күү угуу» . . . . . . 17
Лейлектен эки ыр . . . . . . 18
Курманбектин мүрзөсүндө жазылган ыр . . . . . . 20
Дайра . . . . . . 20
Түйшүк . . . . . . 21
Деңиз жана жер эне жараттары . . . . . . 23
Бейруттук эне жөнүндө . . . . . . 24
Акын кызга . . . . . . 25
Жаз келди, шайыр-бийчи . . . . . . 26
«Жылдыз терип бере албаймын» . . . . . . 28
Булактан кызгануу . . . . . . 29
«Сен тууралуу» . . . . . . 29
Мажүрүм тал . . . . . . 31
«Жылдыздын ыры угулбас» . . . . . . 32
Жомок жана ыр . . . . . . 32
«Кайрадан бүгүн бий аянт» . . . . . . 33
Чабалекей кеткен учуп . . . . . . 34
«Мактабаймын көзүңдү же кашыңды» . . . . . . 35

«Кайдасың жашыл багым» . . . . . . 35
«Аябай уяңдыкты берген экен» . . . . . 36
Цыган баронунун ариясы . . . . . . . 37
«Үйлөнүү жүз бир ирет шакек тагып» . . . 38
Баядерадан ария . . . . . . . . . 39
Даниярдын ыры . . . . . . . . . . 39
Өзүм жөнүндө . . . . . . . . . . 40
«Башталды бекер бу оюн» . . . . . . 41
«Ырдап көрөм...» . . . . . . . . . 42
Өтүнүч . . . . . . . . . . . . 42
Ууз сүйүү . . . . . . . . . . . 43
«Жаандан кийин баары таптаза» . . . . 44
Ирмем . . . . . . . . . . . . 44
Жалгыздык . . . . . . . . . . . 45
«Сагынып жүрөм сени, жүрөм сени» . . . 45
«Күтүлбөгөн жолугуу пляж менен» . . . 46
«Баягы сезим кыйнап, чеккен санаа» . . . 46
«Келесиң шашылып кайдандыр» . . . . 47
Экөөбүз . . . . . . . . . . . . 47
«Сен барда — жашыл чынар» . . . . . 47
«Асман менен жердейбиз — биз экөөбүз» . . 48
«Көл болбочу» . . . . . . . . . . 48
Сагынган мүнөттөрдө . . . . . . . . 49
Эскерүү . . . . . . . . . . . . 49
«Күттүм сени жазында жоогазындын» . . . 50
Таңкы тилек . . . . . . . . . . 51
«Канча чогуу өткөн жылуу мүнөттөр» . . . 51
«Ыр жазыпсың мага» . . . . . . . . 52
Балтиканын жээгинде . . . . . . . . 53
Суу периси Фин булуңу, бош шамал . . . 57

МОСКВА КАЙРЫКТАРЫ

«Декабрь» . . . . . . . . . . . 59
«Артыбызда ар кимдин Ата Мекен . . . . 60
«Пушкиндин метросу» . . . . . . . . 61
«Арбат, Арбат — карыядай» . . . . . 62
Ак үйдүн бешинчи кабатында . . . . . 63
Жүрөк . . . . . . . . . . . . 64
«Ысык жалын бийлеген» . . . . . . . 65
Кат . . . . . . . . . . . . . 66
Есениндин мүрзөсүндө . . . . . . . 66
«Карт Арбат көчөсү бул...» . . . . . . 67
Кызганыч . . . . . . . . . . . 68
«Артта калды сүйүү — вокзал» . . . . . 69
«Бышкан буудай...» . . . . . . . . 69

ТАЗАГУЛ ЗАКИРОВА

**ТАИНСТВЕННОЕ ЧУВСТВО**

**Стихи**

(На киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Рецензенти *Ж. Жапиев*
Редактору *О. Көчкөнов*
Сүрөтчүсү *К. Жусупов*
Көркөм редактору *К. Сейталиев*
Тех. редактору *Н. Лаврова*
Корректору *Б. Сатыбалдиева*

ИБ № 3492

Терүүгө 19. 08. 1985-ж. берилди. Басууга 21. 03. 1986-ж. кол коюлду. Д—05694. Басмаканалык № 3 кагаз. Адабий ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы $70 \times 90^1/_{32}$. 2,25 физ. басма табак. 2,63 шарттуу басма табак 2,894 учеттук табак. 2.776 боек түшүрүү. Тиражы 2000. Заказ № 69. Баасы 30 т.

Элдердин Достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы 720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР басма полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети.
720616, ГСП, Фрунзе шаары, Мукаш Абдраев көчөсү, 72